комбинаты" МИ берген агым суулардын түшүш шарттарын аткарууга милдеттүү.

10. Көп батирлүү үйлөрдүн ички суутүтүк жана канализациялык тармактарынын техникалык тейлөөсү.

10.1. Көп батирлүү үйлөрдөгү турак жана киши турууга ылайыкталбаган имараттардын менчик ээлери (кожоюндары) батир ичинде жана анын сыртында жайгашкан суутүтүк жана канализациялык тармактардын жана санитардык-техникалык жабдуулардын санитардык-техникалык абалын сакталышын кароого милдеттүү;

10.2. Менчик ээси (кожоюн) милдеттүү:батир ичиндеги жөнгө салуу арматурасы бар суутүтүк-канализациялык тармактарды Кыргыз Республикасынын турак жай үйлөрдүн жана участокторунун колдонуу Типтүү эрежелерине иылайык туура кармоо, Кыргыз Республикасынын жер участокторунун жана турак үйлөрдү кармоо жана колдонуу Типтик эрежелерин бекитүү жөнүндөгү" 2003-жылдын 8- апрелиндеги №191-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген.

10.3. Көп батирлүү үйлөрдөгү турак жана киши турууга ылайыкталбаган имараттарда жайгашкан санитардык-техникалыкжабдуулар жана өткөрмө түтүктөрдү оңдоо же алмаштыруу менчик ээсинин каражатынын эсебинде жүргүзүлөт.

10.4. Үй ичиндеги суутүтүк-канализациялык тармактарга техникалык тейлөө келишимине ылайык түзүлөт. "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ пр офилактикалык кароо жүргүзөт. Аткарылган иштерге төлөм тарифтер боюнча өткөрүлөт, Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык.

10.4. Турак жай ээси же талдоочу бузулган үй ичиндеги тармактарга жеткиликтүү кароону камсыз кылыш керек.

10.5. Үй (имарат) ээлерине же анын жалдоочусуна үй ичиндеги жана батир ичиндеги суутүтүк канализациялык тармактар ичиндеги суутүтүк канализациялык тармктарды бүтөгөнгө тыюу салынат.

10.6. Үй ичиндеги суутүтүк-канализациялык тармактарынын техникалык тейлөө өткөрүү жана колдонууга шарт жок учурда "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ менчик ээлерине (кожоюндарга) эскирген коммуникацияларды толук алмаштыруу зарылдыгы жөнүндө эскертүү берет. Коммуникациялык алмаштыруу анын ээсинин эсебинен жүргүзүлөт.

## 11. ЭРЕЖЕЛЕРДИН БУЗУЛУШУНА ЖАКТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

11.1. Эгерде жер иштерин өндүрүүчүлөрдүн кыймылы шаардык суутүтүк жана канализациялык тармктарынан суунун агылышын алып келсе